**Бекитилди»**
Кафедранын 201___-ж “___” ________
жыйынынын №________протоколунда.
Каф. Башч . _____________

**«Макулдашылды»**
Фак-н ОМК-н 20__-ж“__”_________
жыйынынын №__ протоколунда
Фак-н ОМК-төрагасы:____________

Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин “Сүрөт, чийүү жана эмгек” кафедрасы

«Рисунок (студия) » дисциплинасы боюнча 570400 дизайн багытында окуган күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн аралык текшерүүлөрдүн
**тесттик суроолору**

Түзгөн: кафедранын доценти, п.и.к. Ысмайылов Мухтар Зулпукарович

Ош-2019

**Сүрөт (рисунок) сабагы боюнча өзүңөрдүн теориялык билимиңерди сынап көргүлө**

1.Көркөм сүрөт өнөрүндөгү жансыз заттардын сүрөттөрүн чагылдырган жанр эмне деп аталат?
а) портрет
б) пейзаж
в) натюрморт
г) жансыз натура
2.Натуранын графикалык элесин форматка туура жайгаштырууну кантип атайбыз?
а) натюрморт
б) композиция
в) графика
г) компоновка
3.Рисунок көркөм сүрөт өнөрүнүн кайсыл түрүнө кирет?
а) бардык түрүнө кирет
б) живописке кирет
в) графикага кирет
г) скульптурага кирет
4.Көркөм сүрөт өнөрүндө горизонт сызыгы деп эмнени айтабыз?
а) көз шооласынын деңгээлин аныктоочу горизонталдык тегиздик
б) горизонталдык тегиздикке параллель болгон бардык сызыктар
в) тигинен эмес туурасынан жаткан сызык
г) Тегиздикти белгилөөчү түз сызык
5.Түрдүү тегиздиктеги формалардын пропорцияларын так аныктоочу графикалык илим кандай аталат?
а) перспектива
б) черчение
в) живопись
г) графика
6.Конструктивдик түзүп куруу иши натурадан сүрөт тартуунун канчанчы этабында аткарылат?
а) биринчи
б) экинчи
в) үчүнчү
г) акыркы
7.Сүрөттө (рисунокто) заттардын жайгашуу абалы, мейкиндиги, пландуулугу кандай каражат менен сүрөттөлөт?

а) өң менен
б) түс менен
в) сызыктар менен
г) Чекиттер менен
8.Заттын көлөмүн чагылдыруу үчүн колдонулуучу көркөм сүрөт өнөрүнүн мыйзамы эмне деп аталат?
а) композиция мыйзамы
б) жарык – көлөкө мыйзамы
в) чагылдыруу мыйзамы
г) өнөр мыйзамы
9.Кыска убакытта, ыкчам аткарылган сызыктуу сүрөттөрдүн аталышы кандай?
а) зарисовка
б) этюд
в) бир шилтем
г) сүртүм
10.Аудиторияда билим берүү программасынын негизинде устат окутуучунун жетекчилиги менен тарткан сүрөттү кандай сүрөт дейбиз?
а) педагогикалык сүрөт
б) устаттык сүрөт
в) жетектөөчү сүрөт
г) академиялык сүрөт
11.Сүрөтүн тартуу үчүн коюлган турпаттын (постановканын) сырткы чектерин кандай сызык менен  белгилейбиз?
а) контур сызыгы
б) штрих сызыгы
в) жардамчы сызык
г) чектөөчү сызык
12.Түрдүү заттардын пропорцияларын аныктоо үчүн  жүргүзүлгөн  түз жардамчы сызыктардын горизонт сызыгында кесилишкен чекиттери кандй чекиттер деп аталат?
а) келишүү чекиттери
б) багыттоочу чекиттер
в) кесүүчү чекиттер
г) түзүү чекиттери
13.Натюрморттук турпаттын (постановканын) арткы планы, жака бели жана аралыктары кантип аталат?
а) соң (фон)
б) байланыш

в).мейкиндик
г)интервал
14.Натюрморттун биринчи планындагы заттарына караганда кийинки планындагы заттарынын өңү бозгуч абалда иштелет. Сөз КСӨнүн кандай термини жөнүндө болуп жатат?
а) аба перспективасы
б) пландуудук
в) сызыктуу перспектива
г) өңдөштүрүү
15.Сүрөттө (рисунокто) заттын көлөмүн кандай каражаттар менен чагылдырат?
а) штрихтер менен
б) түстөр менен
в) өңдөр менен
г) чекиттер менен
16.Сүрөттөгү (рисунокто) чыгарманын графикалык түзүлүшүнүн, формасынын жана мазмунунун өз ара айкалышкан жарашыгы кантип аталат?
а) гармония
б) фаниазия
в) конкретизация
г) композиция
17.Ак менен каранын, чоң менен кичинеин, жарык менен көлөкөнүн күчөтүлгөн карама каршылыгын эмне дейбиз?
а) контраст
б) гамма
в) колорит
г) осимметрия
18.Кыргыз республикасынын  эң алгчкы график – сүрөтчүсү ким болгон?
а) Л.Ильина
б) М.Оморкулов
в) Б.Жалиев
г) Т.Герцен
19.Сүрөттө (рисунокто) адамдын, жаныбарлардын ж.б. заттардын сырткы келбетинин сөлөкөтүн же карaанын контрасттуу  сүрөттөө кандай деп аталат?
а) контраст
б) стиль
в) ыргак (ритм)
г) силуэт

20. Адамдын сүрөтүн, жан – дүйнөсүн, ой-туюмун, мүнөзүн, кесибин, анын өзүнө мүнөздүү ж.б. белгилерин кошуп чагылдыруу көркөм сүрөт өнөрүнүн кайсыл жанрына тиешелүү?
а) анималисттик
б) баталдык
в) портреттик
г) пейзаж
21. Көркөм сүрөт өнөрүндөгү өз сүрөтүн өзү чагылдырган графикалык эмгектер портреттин кандай түрүнө кирет?
а) өздүк портрет
б) жамааттык портрет
в) автопортрет
г) портрет
22.Бир нече адамдын инсандык белгилүүлүгү жана окшоштугу сүрөттөлгөн эмгек  көркөм сүрөт өнөрүнүн кайсыл түрүнө кирет?
а) жамааттык портрет
б) инсандык портрет
в) жарандык портрет
г) тематикалык композиция
23.Адам сүрөтүн кемчилдиксиз жагынан, көрүнүктүү же композициялык түзүлүшү  маанилүү жагынан тартуу эмне депаталат?
а) ракурс
б) фон
в) фас
г) профиль
24.Көркөм сүрөт өнөрүнүн анималисттик жанрында эмнелер чагылдырылат?
а) кечтелер
б) жаныбарлар
в) мультиэлектрондук кыймылдар
г) жаратылыштын кооздугу
25.Көркөм сүрөт өнөрүнүн маринисттик жанры башка жанрлардан эмнеси менен айырмаланат?
а) асман, ай, күн, жылдыздар ж.б.у.с. чагылдырылат
б) талаалардын, чөлдөрдүн, мейкиндиктердин сүрөттөрүн тартуу
в) шамалдын, жаан-чачындын, бороон-чапкындын ж.б.у.с. сүрөттөрүн тартуу
г) дарыяларды, деңиздерди, сууларды чагылдырат
26.Портреттеги  симметриялуулук  деген эмне?
а) адамдын пластикалык – анатомиялык түзүлүшүндөгү тең салмактуулук

б) портреттеги адам сүрөтүнүн композициялык жактан тең салмактуу жайгашуусу
в) форматтын өлчөмдөрүнүн тең салмактуулугу
г) адам сүрөтүнүн пропорцияларын аныктоодогу сызыктардын тең салмактуулугу
27.Портреттеги “анфас” жана “профиль” терминдери эмнени түшүндүрөт?
а) “анфас” бет маңдайынан жана “профиль” капталынан көрүнүшү
б) “анфас” портретти илүүчү жай жана “профиль”көрүү чекити
в) “анфас” көрүү жана “профиль” жакындоо дегенди түшүндүрөт
г) “анфас”артынан жана “профиль”бетинен көрүнүшү
28.Көркөм сүрөт өнөрүндө архитектуралык курулуштун же бөлмөнүн ички көрүнүшү кантип аталат?
а) экстерьер
б) партьер
в) интерьер
г) эркер
29.Чоң кишинин башы тулку боюнун канчадан бир өлчөмүн түзөт?
а)  ондон бир бөлүгүн
б) жетиден бир бөлүгүн
в) бештен бир бөлүгүн
г) сегизден бир бөлүгүн
30. Адамдын  мүнөзүн, көз карашын, ой-туюмун чагылдыруу портреттин кайсыл түрүнө кирет?
а) анатомиялык портрет
б) биологиялык портрет
в) философиялык портрет
г) психологиялык портрет

## тесттик суроолордун жоопторун ушул таблицага толтургула

| № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 7 | | 13 | | 19 | | 25 | |
| 2 | | 8 | | 14 | | 20 | | 26 | |
| 3 | | 9 | | 15 | | 21 | | 27 | |
| 4 | | 10 | | 16 | | 22 | | 28 | |
| 5 | | 11 | | 17 | | 23 | | 29 | |
| 6 | | 12 | | 18 | | 24 | | 30 | |

(Студенттин аты, жөнү)